**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.11.2025-ж. № 72/11-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин 27.04.2017-жылдагы IV сессиясынын № 12/4-7 сандуу токтому менен бекитилген “ Кара-Көл шаардык кеңешинин ардактуу атуулу жөнүндө “ жобого өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасы Ч.А.Кимсановдун Кара-Көл шаардык кеңешинин 27.04.2017-жылдагы IV сессиясынын № 12/4-7 сандуу токтому менен бекитилген “ Кара-Көл шаардык кеңешинин ардактуу атуулу жөнүндө “ жобого өзгөртүү киргизүү жөнүндө сунушун жана Кара-Көл шаардык кеңешинин жана шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаардык кеңешинин 27.04.2017-жылдагы IV сессиясынын № 12/ 4-7 сандуу токтому менен бекитилген “Кара-Көл шаардык кеңешинин ардактуу атуулу жөнүндө “ жобонун төмөндөгү бөлүктөрүнө өзгөртүү киргизилсин:
   - II бөлүмүнүн 7 бөлүгүндөгү “ эки” деген сөздү “ бир” деген сөз менен алмаштырылсын;
   - II бөлүмүнүн 12 бөлүгүнүн 8 -бөлүкчөсүндөгү “ мамлекеттик” деген сөз алып салынсын;
   - V бөлүмүнүн 5 бөлүгүндөгү “ 10” деген цифра “ 100” деген цифрага алмаштырылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаардык кеңешине, ал эми көзөмөлгө алуу жагы Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына ( Ш.А.Токтосунов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

**28.11.2025-ж. № 73/11-9** **Кара-Көл шаары**

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен бөлүнүүчү үлүш каражаттарын бекитүү жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн, 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-бөлүкчөсүн, 45-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын мэриясынын дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу 2026-жылга даярдалган долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен бөлүнүүчү үлүш каражаттарды бекитип берүү боюнча кайрылуусун, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат**:

1. Дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу 2026-жылы ишке ашырылуучу долбоорлор тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркелет)

2 .Кара-Көл шаарынын мэриясы тарабынан 2026-жылга даярдалган дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорлоруна жергиликтүү бюджеттин эсебинен үлүштүк каражаттар 2026-жылга шаардык бюджеттен **12120,33 миң сомго** макулдук берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Орозбаев Н.О.), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.), ал эми көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Мамытканова Т.А.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин
28.11.2025-жылдагы кезектеги
XI сессиясынын №73/11-9
токтомуна тиркеме**

**Кара-Көл шаарынын 2026-жылга шаардык бюджетинен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылануучу долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен бөлүнүүчү каражаттардын**

**РЕЕСТРИ**

| № | Долбоордун аталышы | Өздүк салым миң сом | Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарга муктаждык | Долбоордун жалпы наркы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Т.Сатылганов атындагы №1 орто мектебинин кошумча корпусун ремонттоо | 877,40 | 2 047,27 | 2 924,67 |
| 2. | Кетмен-Төбө айылындагы "Байчечекей" бала бакчасын ремонттоо | 585,40 | 1 365,93 | 1 951,33 |
| 3. | Д.Шопоков атындагы № 4 орто мектебинин жылуулук системаларын, терезелерин алмаштыруу | 1 970,93 | 4597,84 | 6569,78 |
| 4. | "Баластан" бала бакчасынын электр чубалгыларын, полдорун алмаштыруу жана короосуна брусчатка басуу | 2087,70 | 4871,30 | 6959,00 |
| 5. | "Келечек" бала бакчасынын электр жабдууларын, полдорун алмаштыруу жана короосуна брусчатка басуу | 1430,60 | 3338,07 | 4768,67 |
| 6. | “Жеңиш” аллеясын тосмо (короо) менен короолоо иштерин жүргүзүү | 450,0 | 1050,0 | 1500,0 |
| 7. | Кара-Көл шаарына караштуу Кетмен-Төбө айылында жайгашкан Коомдук алдын алуу борборунун имаратынын фасадын, полун ремонттоо | 805,38 | 1879,23 | 2684,61 |
| 8. | ЖДПБнын балдар бөлүмүнө жылуулук системасын, ички эшиктерди, кол жуугучтарды (умывальник) орнотуу жана монтаждоо иштерин жүргүзүү | 1151,64 | 2687,16 | 3838,80 |
| 9. | Кара-Көл шаардык китепкананы оңдоо (ремонттоо) иштерин жүргүзүү | 492,98 | 1150,28 | 1643,25 |
| 10. | "Кайынды" балдар эс алуу борборунун чарбалык корпусун оңдоо (ремонттоо) иштерин жүргүзүү | 1002,13 | 2338,29 | 3340,42 |
| 11. | "Кайынды" балдар эс алуу борборунун ашкана корпусун оңдоо (ремонттоо) иштерин жүргүзүү | 1266,17 | 2954,39 | 4220,56 |
| | **Жалпы суммасы** | **12120,33** | **28280,77** | **40401,10** |

Жооптуу катчы                                                                                    Нурматова К.И.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.11. 2025-ж. № 74/11-9** **Кара-Көл шаары**

**Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондуна берилүүчү гранттарга долбоорлорду бекитүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэрдин орун басары М.А.Абдыкалыковдун Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондунан берилүүчү гранттарга долбоорлорду бекитүү жөнүндө кайрылуусун, Кара-Көл шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондуна берилүүчү гранттарга долбоорлор тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркелет)

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы тарабынан 2026-жылга даярдалган Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондунун долбоорлоруна жергиликтүү бюджеттин эсебинен үлүштүк каражаттар 2026-жылга шаардык бюджеттен **6571,1 миң сомго** макулдук берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын мэриясына (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы Кара-Көл шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А. Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**28.11. 2025-жылдагы кезектеги**
**XI сессиясынын №74-11-9**
**токтомуна тиркеме**

**Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондунан берилүүчү гранттарга жергиликтүү бюджеттен бөлүнүүчү каражаттардын**

## РЕЕСТРИ

| № | Долбоордун аталышы | Өздүк салым миң сом | Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондунун эсебинен | Долбоордун жалпы наркы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кара-Көл шаарынын мэриясы жайгашкан имараттын жылуулук системаларын алмаштыруу | 880,0 | 3000,0 | 3880,0 |
| 2. | Шаардык билим берүү мекемелерин техникалык жабдуулар менен камсыздоо | 1000,0 | 2420,3 | 3420,3 |
| 3. | Кара-Көл шаарынын Ленин көчөсүндөгү аллеяны куруу жана көрктөндүрүү | 2100,0 | 4900,0 | 7000,0 |
| 4. | Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүн тийиштүү куткаруу шаймандары (дрон, мотопомпа, өтүк, желдүү кайыктын кыймылдаткычы) менен камсыздоо | 191.1 | 445.9 | 637,0 |
| 5. | Кара-Көл шаарындагы 7-аянтчага чыккан тепкичтин айланасын көрктөндүрүү жана стелла коюу | 2400,0 | 5600,0 | 8000,0 |
| | **Жалпы суммасы** | **6571,1** | **16366,2** | **22937,3** |

Жооптуу катчы Нурматова К.И.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

**28.11.2025-ж. № 75/11-9** **Кара-Көл шаары**

**Кыргыз Республикасынын УКМКнын Жалал-Абад облусу боюнча башкы башкармалыгынын Кара-Көл шаардык бөлүмчөсүнүн Кара-Көл шаарынын Ленин көчөсүнүн №41/1 дарегинде жайгашкан бош турган административдик имаратын 801, 7 чарчы метр жер тилкеси менен муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 6-сатьясынын негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын УКМКнын Жалал-Абад облусу боюнча башкы башкармалыгынын Кара-Көл шаардык бөлүмчөсүнүн Кара-Көл шаарынын Ленин көчөсүнүн №41/1 дарегинде жайгашкан бош турган административдик имаратын жана 801, 7 чарчы метр жер тилкесин акысыз өткөрүп берүү жолу менен муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгына ( Т.М.Доулдаев ), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

**28.11.2025-ж. № 76/11-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансында турган батирлерди Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу агенттигине акысыз өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 11-сатьясынын негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансында турган муниципалдык батирлерди- Серый көчөсүнүн № 18-үйүнүн 8-батирин жана Серый көчөсүнүн № 7-үйүнүн 47- батирин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу агенттигине Кыргыз Республикасынын УКМКнын Жалал-Абад облусундагы Кара-Көл бөлүмчөсүнүн кызматкерлери үчүн кызматтык батир катары пайдаланууга акысыз өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Кара-Көл шаардык кеңешинин 2025-жылдын 20-июнундагы № 34/7-9 сандуу токтому күчүн жоготту деп табылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгына ( Т.М.Доулдаев ), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

**28.11.2025-ж. № 77/11-9** **Кара-Көл шаары**

**2045-жылга чейинки мезгилге Кара-Көл шаарынын башкы планын бекитүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарын келечектүү өнүктүрүү боюнча маселелерди чечүү, шаар калкынын жашоо-турмушун жакшыртуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, шаарды план ченемдүү өнүктүрүүгө байланыштуу шаар курулуш иштерине бардык субьекттердин кызыкчылыктарын мыйзам чегинде укуктук жактан коргоо максатында Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын курулуш , архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине караштуу Шаар куруу жана архитектура департаменти тарабынан иштелип чыккан 2045-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилге Кара-Көл шаарынын башкы планы бекитилсин.
2. Жазы-Кечүү айылын, Сары-Булак, Көк-Бел, Оот калктуу конуштарын Кара-Көл шаарынын башкы планына киргизүүгө макулдук берилсин.
3. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев) Кара-Көл шаарынын территориясын деталдуу пландоонун долбоорун иштеп чыгуу маселесин Кыргыз Республикасынын курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине караштуу Шаар куруу жана архитектура департаментине сунуштасын.
4. Кара-Көл шаарына караштуу Жылаңач-Булак калктуу конушун жана Кетмен-Төбө шаарчасын Кара-Көл шаарынын башкы планына киргизүү иштерин жүргүзүү Кара-Көл шаарынын мэриясына ( Н.О.Орозбаев) жүктөлсүн.
5. Бекитилген башкы пландын негизинде Кара-Көл шаарында архитектуралык жана шаар куруу иш-чараларын жүргүзүү Кара-Көл шаарынын мэриясына ( Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына (Бокоев У.Ш.) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Кара-Көл филиалына ( С.Т.Батыркулова) милдеттендирилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура башкармалыгына ( Бокоев У.Ш. ), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

**28.11.2025-ж. № 78/11-9** **Кара-Көл шаары**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Кара-Көл филиалынын 2025-жылдын 9 айында аткарган иштери жана пландары жөнүндө маалыматы**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жана "Жергиликтүү кеңештердин статусу жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Жер ресурстары агенттиктин Кара-Көл филиалынын башчысынын милдетин аткаруучу С.Т. Батыркулованын 2025-жылдын 9 айында аткарган иштери жана пландары жөнүндө маалыматын жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Жер ресурстары агенттиктин Кара-Көл филиалынын 2025-жылдын 9 айында аткарган иштери жана пландары жөнүндө мекеменин башчысынын милдетин аткаруучу С.Т.Батыркулованын маалыматы жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсү эске алынсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жер ресурстары агенттиктин Кара-Көл филиалына ( С.Т.Батыркулова), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕҢЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

**28.11.2025-ж. № 79/11-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2025-жылдын 9 айында аткарган иштери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жана "Жергиликтүү кеңештердин статусу жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын начальниги У.Ш.Бокоевдин 2025-жылдын 9 айында аткарган иштери жөнүндө маалыматын жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2025-жылдын 9 айында аткарган иштери жөнүндө У.Ш.Бокоевдин маалыматы жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсү эске алынсын.

2. Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына Кара-Көл шаарынын архитектуралык көрүнүшүн иретке келтирүү, шаар курулушундагы баш аламандыкты жөнгө салуу, шаардын эстетикалык көрүнүшүн жакшыртуу жаатында иштерди күчөтүү сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына (У.Ш.Бокоев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**